# Менин досум Нурбек




Автор: Асель Жакыпбекова

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Менин досум Нурбек

Автор: Асель Жакыпбекова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Мой друг Нурбек*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Менин досум Нурбек" (кыргыз тилинде), автор Асель Жакыпбекова,
сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир жыл мурун, сентябрь айында, биздин класска жаңы окуучулар келген эле.

Бир кыз жана эки эркек бала. Бир баланы менин жаныма отургузуп коюшту.

Кыз татынакай экен. Ал чачын экиге бөлүп өрүп алыптыр.

Бирок аны Айгерим менен биринчи партага отургузушту. Бул мыкты окуган окуучу го деп ойлодум. Мыктыларды гана дайыма алдыңкы катарга отургузушат го деп ойлодум.

Дагы бир баланы үчүнчү катарга отургузушту. Мен аны жакшы карап үлгүргөн жокмун.



Менин кошунам кызыктай бала экен. Ал калың көз айнек тагынып алыптыр. Көз айнектин ары жагынан баланын көздөрү чоң болуп көрүнүп турат. Анын жай басып баратып, отура калганын көргөндө, күлкүм келди.

Баланын атын сурайын дедим эле, Елена Геннадьевна мени дароо караганда, жаңы коңшумду унутуп да калдым. Биз жаңы тема өтүп жаттык. Елена Геннадьевна тема түшүндүрүп жатканда, кимдир-бирөө башка нерсеге алаксыганын  жактырбайт.



Коңгуроо болгондо, биз танаписке чыктык.

– Сенин атың ким? – деп жаңы баладан сурадым.

– Нурбек.

– А менин атым Мирлан.

Экөөбүз колдорубузду бири-бирибизге сундук.

– Жүрү, ашканага баралы. Мен эртең мененки тамакты ичкенге жетишпей калгам, – деп сунуш кылдым.

– Сен бара бер, мен бара албайм, – деп жооп берди Нурбек.

– Эмне үчүн бара албайсың?

Ошондо Нурбек уялып, кызарып, бир нерселерди күбүрөдү. Ал акырын сүйлөгөндүктөн, мен жакшы укпай калдым. Убакыт тар болгондуктан, мен ашкананы көздөй жүгүрдүм.



Бир нече күндөн кийин досторум мени футболго чакырышты.

– Нурбек, кеттик биз менен, сен бизди колдоп турасың? – дедим.

Ал башын чайкап койду. Кызыктай бала экен деп, мен досторум менен оюн талаасына жүгүрдүм. Биз футбол ойноп жатсак, Нурбек улгайган апа менен аллеяны бойлой жай басып бара жаткан экен.

Кемпир аны колунан жетелеп алыптыр.

– Шумдуктай эле кошунаң бар ээ? – деди жанымда турган Бек.

Эмнегедир маанайым бузула түшүп:

– Аны жайына койчу. Андан көрө, жүрү, топ тебели, – дедим.

Биз кайрадан топ артынан чуркадык.



Бир жумадан кийин биз математикадан жаңы тема өттүк.

Маселени чыгара албай, абдан кыйналдым. Эч нерсени түшүнө албай койдум. Маанайым түшүп, бир аз эс алып турайын деп терезени карадым. Нурбек болсо маселени чыгарып коюптур. Жада калса жообун да жазып койгон экен. Мына сага!

– Берчи, көчүрүп алайын, – дедим.

Ал унчукпай дептерин алдыма жылдырып койду. Елена Геннадьевна эсеп үчүн мага «5» койду.

– Сен эсепти укмуш чыгарат экенсиң, – дедим Нурбекке.

– Ооба, мага математика жагат, – деп жооп берди. – Эгер кааласаң, сабактан кийин темаларды түшүндүрүп бере алам.

Мен макул болдум. Күн сайын сабактан кийин Нурбек мага оор темаларды түшүндүрүп берип жатты.

Мен ага суроо бергенден тартынган жокмун. Эгер теңдеме же маселе түшүнүксүз болсо, Нурбек кайталап түшүндүргөндөн тажачу эмес.

Бир айдын ичинде мен математиканы алда канча жакшы түшүнүп калдым. Ушул чейректе биринчи жолу «5» чыкты!



Биз билинбей достошуп кеттик. Мен ашканадан Нурбекке таттуу булочкаларды алып келем. Ал чоң энеси берген термостон мага компот куюп берет. Бир жолу танаписте бир бала Нурбекти түртүп жиберип, ал жыгылып түштү. Мен анын эти ооруп калганын көрүп, тиги күнөөкөр балага:

– Кечирим сура! – деп айттым. Ал болсо ийинин куушуруп, каткырып күлдү. Менин ачуум келип, аны жакадан алдым.

Ошентип, экөөбүз мушташып кеттик. Тиги бала улуу болгондуктан, бир топ эле таяк жеп калдым. Бирок мен да аны оңдурган жокмун.



Ушул окуядан кийин Нурбек ооруп калып, бир нече күн сабакка келген жок. Досторубуз болуп аны көргөнү үйүнө келдик.

Ал чоң энеси менен жашачу. Үйү абдан таза жана тыкан экен. Нурбектин бөлмөсүнөн мен калың китептерди, автоунаа, учактардын кагаздан жана жыгачтан жасалган коллекциясын көрдүм.

Ал тургай пульт менен башкарылган учактары да бар экен.

– Мунун баарын сен өзүң жасадыңбы? – деп таң калып сурадык.

Нурбек башын ийкеп, машинанын пульту кандай иштээрин көрсөтө баштады.

Көрсө, аны алты жашынан баштап чоң энеси авиа моделдөө ийримине алып барып жүрүптүр. Үч жылдан бери ар ишемби сайын Нурбек ушул ийримге каттап үйрөнүп жүргөн экен.



Кыштын бир күнүндө Нурбек биринчи жолу сабактан калды.

– Эмне, сен уктап калдыңбы? – деп сурадым.

– Жок, мен ооруканага барышым керек болчу, – деди ал.

– Эмне үчүн ооруканага барасың? – дедим.

– Дарыгерден кеңеш алуу үчүн барсак, ал ден-соолукту чыңдоо үчүн, суудa көп сүзүшүң керек деди.

Нурбек капа болуп, муңая түштү.

– Мейли, суудa сүзгөн сонун да! – деп мен кыйкырып жибердим.

– Сага айтуу оңой, – деп күбүрөп, Нурбек түшүнүксүз сүйлөнүп койду.

Мен ага бир нерсе жакпай калганда наалый баштаарын билчүмүн.

Ал эми уялганда, эч ким укпагыдай кылып акырын сүйлөйт.

– Нурбек, сен эмне коркуп жатасыңбы? – деп сурадым.


Досум бурк этип, китепти тиктеп отуруп алды. Ошондо мага жакшы бир ой келди.

– Сени менен сүзүүгө мен да барсам, барасыңбы? – деп аны жеңинен тарттым. Нурбек колун тартып алып, кайрадан китепке үңүлдү.

– Жүр, Нурбек, бул сонун да! Кел, сүзүүгө экөөбүз чогуу баралы! – деп мен кайра кайталадым.

Нурбек катуу үшкүрүнүп, көзүн жумуп, башын ийкеди.

– Ура-а-а!!!



Мен дароо эле бассейнде сүзүп кетебиз деп ойлогом. Көрсө, алгач кол кыймылдарын жана дем алганды үйрөнүү керек экен. Мисалы, колдор кезеги менен кыймылдаса, бул сүзүү стилин "кроль" деп атап коюшат. Ал эми колдор менен сууну эки жакка бирдей чачып чабак урганды "брасс" стили деп аташат экен.



Бир жумадан кийин гана биз бассейнде биринчи жолу сууга сүзгөнгө аракет кылдык. Машыктыруучуга сууда кантип сүзө алаарымды көрсөтүп, бул сүзүүнүн кайсы стили экендигин сурасам, ал «баканын стили" деп каткырып күлдү.



Алгач Нурбек суудан аябай коркуп, машыктыруучунун көз салып турганына карабай, үйлөмө баллонун жанына алып жүрдү. Бирок эки жумадан кийин ал толугу менен сууга көнүп, коркунучун унутуп койду. Алты ай өткөн соң ал мыкты сууучул болуп чыга келди. Бою да кадимкидей өстү.



Эми экөөбүздүн боюбуз тепетең болуп калды.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Асель Жакыпбекова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли